УДК: 801.81:821.512.154
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.07

Ажиева Ч.
Ош технологиялык университети

# ЗАЛКАР МАНАСЧЫЛАРДЫН ВАРИАНТТАРЫНДАГЫ ТУРУКТУУ ТЕМАТИКАЛЫК ӨЗӨК ОКУЯЛАР

**Кыскача мазмуну:** Аталган макаланын мазмунунда кыргыз элинин чени жок кайрат күчкө эгедер баатыры жана кыргыз урууларынын башын бириктирүү менен сырттан басып кирген ар кандай күчтүү жоолордон коргоп, ата журттун эркиндиги, кыргыз элинин элдигин сактаган, анын саясий биримдиги үчүн өз жанын аябай күрөшкөн даанышман кол башчысы, ханы Манас баатырдын эрдиктери 70тен ашык манасчынын (ар кимиси ар кайсы географиялык аймакта жашагандыгына карабастан) варианттарында даңкталат. Ал жигердүү, даанышман жетекчи катары чабылып, чачылган элдин башын бириктирип, күч кубатын бир жерге топтоо аркылуу саясий биримдикти арттыргандыгы менен өзгөчөлөнөт. Тышкы жоого алдырбас бекем мамлекет түзөт. Негизги эпостогу бул окуялардын бардыгы, варианттардын дээрлик бардыгында бирдей тематикалык – идеялык мазмундун ички өзөк окуяларын түзүшү эпостун ары касиеттүү, ары сырдуу кереметин көрсөтө тургандыгы баяндалат.

**Түйүндүү сөздөр:** Манас, Жакып, Чыйырды, Бакдөөлөт. Бакай, Бокмурун, казаттар, эрдиктер, согуш, кытайлар, баатыр.

Ажиева Ч.

Ошский технологический
университет

## ПОСТОЯННЫЕ ТЕМАТИЧЕСКИЕ ОСНОВНЫЕ СОБЫТИЯ В ВАРИАНТАХ ВЕЛИКИХ РАССКАЗЧИКОВ

**Аннотация:** В содержании данной статьи подвиги Хана Манаса-батыра, мудрого полководца, который, объединяя кыргызские племена и защищая их от любых сил, вторгшихся извне, защищал свободу Отечества, народ кыргызского народа, самоотверженно боролся за его политическое единство, бесспорно заслужили признание более 70 манасчыновцев (несмотря на то, что каждый из них жил в разных географических регионах).). Как активный, мудрый лидер, он известен тем, что способствует политическому единству, объединяя разбросанные толпы и концентрируя свою власть в одном месте. Внешняя неприкосновенность создает прочное государство. Все эти события в главном эпосе, почти во всех вариантах, рассказываются так, что одно и то же тематико – идейное содержание, составляющее внутренние основные события, демонстрирует дальнейшее, более таинственное чудо эпоса.

**Ключевые слова:** Манас, Иаков, тропа, Бакдаулет. Бакай, Бокмурун, казаты, подвиги, война, китайцы, герой.

**Azhieva Ch.**
**Osh Technological University**

## PERMANENT THEMATIC MAIN EVENTS IN THE VARIANTS OF THE GREAT STORYTELLERS

A**bstract:** In the content of this article, the exploits of Khan Manas-batyr, a wise commander who, uniting the Kyrgyz tribes and protecting them from any forces invading from outside, defended the freedom of the Fatherland, the people of the Kyrgyz people, selflessly fought for its political unity, undoubtedly earned the recognition of more than 70 Manaschynovites (despite the fact that each of them lived in different geographical regions).). As an active, wise leader, he is known for promoting political unity by uniting scattered crowds and concentrating his power in one place. External inviolability creates a strong state. All these events in the main epic, in almost all variants, are told in such a way that the same thematic and ideological content that makes up the internal main events demonstrates a further, more mysterious miracle of the epic.

**Keywords:** Manas, Jacob, path, Bakdaulet. Bakai, Bokmurun, kazaty, feats, war, Chinese, hero.

“Манас” эпосу кыргыз элинин башынан өткөргөн баатырдык иштерин даңазалаган ыр түрүндөгү чыгарма болуп саналат. Анда элдин, улуттун, өлкөнүн тагдырын чече турган улуу окуялар көркөм сүрөттөлгөндүгү менен өзгөчөлөнөт. Тарыхый бөтөнчө шартта жаралат анткени ал тарыхый шарттан адам өзүн бөлүп карабайт жана өз кызыкчылыгын элдикинен бөлүп карабайт. Ошондуктан бул зор окуяны оозеки баяндаган жомокчу, чыгармасын өзүнүн атынан эмес, элдин атынан айтышы – эпостун элдүүлүгү болуп

саналат. Анткени эл өнөрү—элдин көркөм чыгармачылык ишмердигинин натыйжасы болуп эсептелинет. Анда калктын идеалы, мүдөөсү поэтикалык кыялы, сезимталдыгы, көңүл түйшүгү, эзүүчүлөргө каршы айбаты, адилеттик менен бакытка умтулушу, эңсөөсү камтылат. Элдин эзелтеден берки тажырыйбасына таянылып, эпосто – окуяларды терең көркөмдүктө өздөштүрүү, образдардын чындыгы, көркөм окуялардагы терең ойлоо, жалпылоонун мыктылыгы менен айырмаланат. Андагы образдар, темалар, мотивдер, формалар жеке жана коллективдүү көркөм чыгармачылыктын татаал диалектикалык биримдигинен пайда болуп жаралат. Ошондуктан кыргыздардын тарыхында колдонулуп келе жаткан жомок деген термин дүйнөлүк илимий салт боюнча “Манас” таануу илиминде– “Манас” эпосу деген термин менен аталат.

“Манас” эпосуна тиешелүү негизги мүнөздүү өзгөчөлүк – ал ооз эки түрдө эл оозунда жаралып, элдин турмушун, баатырлыгын, жашоо-тиричилигин ишенимдүү көрсөткөндүгү. Ички көлөмүндө камтыган окуялардын кенендиги. Дүйнө элдеринин байыркы маданий эпикалык мурастарынан өзгөчө айырмаланып турган баатырдык эпостордун классикалык нагыз үлгүсү экендиги. Ошол эле мезгилде «Манас» эпосу– кыргыз эли кылымдар бою өз табылгалары менен билгендерин, оң-терс, жакшы-жаман, дос-кас, турмуш, жаратылыш, коом жөнүндөгү түшүнүктөрүн, маралдык нормаларын эл оозунда оозеки жаралган ушул чыгармга топтоп келгендиги” (Ч. А.). Чындыгында А. А. Радлов белгилегендей: эпосту “элдин бардык турмушунун жана бардык умтулууларынын чагылышы,” В. М. Жирмунский айткандай: “Кыргыз фольклорунун бай мазмуну, жогорку көркөмдүгү менен өзгөчөлөнгөн жеткен чеги, эң артык үлгүсү. Өзүнүн эбегейсиз зор масштабы боюнча буга чейинки белгилүү элдик эпикалык чыгармалардын бардыгынан зору экендиги шексиз нерсе”. Ушундай залкар эпос өзүнүн тематикалык мазмунуна касиеттүү бир өзгөчөлүктөрдү камтыгандыгы кыргыз эли үчүн сыймыктанчу көрүнүш. Өзгөчө эпостун дээрлик бардык варианттарында бирдей тематикалык мазмундун камтылышы.

Методдор жана материалдар

Аталган макаланы чечмелөөдө баяндама жана салыштыруу, анализ жүргүзүү методдору колдонулду.

Талкуу жана натыйжа

“Манас” эпосу жөнүндө кеп кылганда анда бир катар жомоктук-мифологиялык мотивдик төмөнкү тематикалык өзөк окуялар кездешкендигин байкоого болот. Таң калыштуу жери 70тен ашык архивдеги эпостун варианттарында да бул өзгөчөлүктүн басымдуулугу. Маселен,

1. Манастын төрөлүшү

Бай Жакып малынан үйүнө келип, баласы жогуна капа болуп, уктап калат да жатып түш көрөт. Түшүндө: Кукулуктап үн чыкса, Куштан башка үнү бар, Куйрук

башы жаркылдайт, Куудан аппак жүнү бар»,-Тэкөрү темир, тумшугу болот, сүрү Алп кара куштукундай болгон өзгөчө кыраан куш кармап алат. Бул түшүн Жакып чоң той берип жорутат. Байжигит деген адам Жакыптын түшүн баатыр балалуу болот экенсиң деп жоруйт.

Эки жыл өткөн соң Чыйырды убагы жетип уул төрөйт. Болочок баатыр төрөлөөрдө энесинин толгоосу катуу балуп тогуз күн толготот. С.Орозбаковдо жана С.Каралаевде Жакып сүйүнчүсүнө 40 бышты, 7 кур ат убада кылат. Эпостогу бул эпизод традициялык мотив катары Манастын образындагы фантастикалык белгилерди көрсөтөт. Мисалы:

Карынды катуу сүзгөнү
Эки колун толтура
Кан чеңгелдеп түшкөнү
Дамбылданын зайыбы
Киндигин өзүң кес деди.
Оромолун колго алып,
Орогун деп баланы,
Ушу күндө бул бала
Оң колун сууруп алганы.
Үч карын май алганы
Үч кайтара салганы
Үч карындын майларын
Үч саатка койбой жалмады

(1:59-61) жана жерге түшкөн балага энеси эмчегин салганда кан чыгара соргону. Бул көрүнүштөрдөн келечекте Манастын баатыр болушунан кабар берилип жаткандыгын байкоого болот. Мындай символикалык белгилердин бири түш көрүүнүн Саякбайда да, Сагынбайда да бардыгы.

1а. Манаска ат коюу. Бай Жакып бир күнү Ала-Тоодогу Ногойдун үйүнө окшотуп, Алтайда алты канат ордо көтөрүп, кооздоп жасалгалатып, арча жагып үйдү аластатып, добулбас кактырып, бакшыга үйдөгү балээни айдатып, түпөктүү найзага көк туусун тагып түндүктөн чыгарат.

Той күнгө созулду, «Жакыптын баласынын тоюбиздин той, качан кызматына жарамак элек деп аргыны да, калмагы да, ногою да, кыпчагы да бирдей конок узатат, оюн, күрөш, эр сайыш, эр эңиш болот, Жакып уруу башчыларын жакындарын топтоп уулун этегине салып байбичесин ээрчитип алдыга чыгат.

-Кагылайын агайын туугандарым! Теңирим берген уулума ат коюп бергиле,- деп Жакып тизелеп олтуруп суранат. Баладан чыккан нурга айбыккан журт ат таппай туруп калат. Ошондо Ак өргөөгө жыртык тон кийген, колуна куу таяк кармаган, белине оттук ташын байлаган аппак сакал, күлөлүү дубана чал пайда болот.

-Калайык, дейт жүзүнөн жылдызы жанган дубана. Тойдо отургандарга жылмая карап,- ырайым этсеңер нур баланын атын мен коюп берейин? Эл макул болот.

-Айтыш меники, сөз Теңирдики баланын аты Манас болсун! деп ат коет. Чыйырды байбиче колундагы дилде менен кымкапты берейин деп обдулгуча, дубана көздөн кайың болуп кетет.

**1б.** Манастын балалык чагы**.** Манас, Манас болгону олуя атка конгону, кыйырдан ага теңдеш болбоду. Манас бармактайында бакырса тоодон кайберен үрктү, токойдон жолборс качты. Манас ак бөбөк балтыр бешик кезинде ый дегенди билбеди, кааласа коломтодогу чокту жыңайлак кечти, карагай черди жалгыз аралады, үйдөй ташты тоодон кулатты, он бештеги баланы сындыра кармап ыйлатты.

Бир жолу Манас айылдан кырк баланы чогултуп Алтайдын адырлуу талаасына чакырып, ордо салып оюн курду. Оюн кызыган учурда жогорку коктудан калмак тыргоот, маңгулдун сексен баласы келет. Алар кыргыздын балдарын качырып киришет. Ошондо ачууланган Манас сексен баланын сазайын берип жолго түшөт.

Эртеси, Манастын кылган шоктугуна огуздап айдап барып, калмактарга Акбалта бал тилин салып: Айылыбызда Чоң жинди деген бала чаң салыптыр, жазасын биз берели, Алдыңарга келдик бала жоруктарын кектешпейли! - деп калмактардын алдына түшөт. Ошентип калмактардан коркуп Манас аты өчүп Чоң жинди атка конуп атасы айласы кеткенде Ошпурга малай кылып берүүнү туура көрөт.

**1в.** Манас жана анын кырк чоросу**.** Эпосто кырк чоро-Манастын таянычы, бели, күч кубаты, душманга карата сүрү. Эпостогу түшүнүк боюнча кырк чоро бийликтин - эл башында тургандыгынын белгиси. Манас бала кезинен эле тегерегине өзүнө ишенимдүү жолдошторун топтоого аракеттенүүсү бекеринен эмес, бул жаш жигиттин болочок баатырдын өзгөчө жоопту иши.

Манасты бүт элге кан шайлоодо да так ошол кырк чоронун уюткусу болгон жаштар чечүүчү мааниге ээ болот. Көп жактан Манасты Манас кылып, атак-даңкын чыгарып, душманына каршы турган, кыйын кысталышта жөлөк-таяныч болгон 40 чоро. болуп саналат. 40 чоро Манаска өз эрки менен келип кошулушкан, анткени, Манастын жетекчилик ролун, баатырдык сапатын туура түшүнүшүп,баш ийишкендигинин максаты эл биримдиги- элге кызмат кылуу идеянын күчтүүлүгү аларды бекем чептей бириктирип турган.

**2. Алгачкы эрдиктери**

1. Рысмендеевде Манас бешикте жатып жортуулга чыгам десе, С. Каралаевде 5ке чыккыча бечел калат.7ге жашы келгенде ашынган тентек болуп чоңоет. 8ге чыкканда 40 баланы топтоп, талаада ойноп жүрүшсө, 80 калмак келип, 40 баланы жалынышканына болбой токмоктоп салышат. Манас "койгула" дегенине кулак салышпагандыктарына жини келип, эки калмак баланы жыга чаап өлтүрүп салат. Калганын кубалап бараткандa

атасы алдынан чыгып, арачалап жатып зорго үйүнө алып кетет.

2. Жакыптын жылкычысы Ыйманкул алтайлык калмактар жылкыларын кымкуут кылып айдап кетип жатышканынын айтканда Манас Ыйманкулдун колундагы укуругун ала коюп, калмактардын башчысы Кортукту төбөгө чапканда ал ошол жерден жан берет. 5-6сын аттарынан түшүрө чаап калганын кууп жөнөгөндө “кокуй, калмактардын айлына кирип барбасын”- деп чочулап, алдынан чыккан Жакып баласына жалынып жатып, араң токтотот. Ошол жерде Жакып Манаска: “Бул жер кыргыздын жери эмес, кийин чоңойгондо булардан өчүңдү аласын”- деп суранганда ал өзүнүн тегинин тарыхын сурап билген баатыр өзүнүн чеки иш кылгандыгын сезип уялып калат. Ушул мезгилде анын көзүнө кайыптан келген 40 чилтен көрүнүп ал үчүн дайыма даяр экендиктерин билдиришет. Булар менен сүйлөшүп жатканын көргөн Жакып балам жинди болуп кетти, өзүнчө бирөөлөр менен сүйлөшүп жатат деп Чыйырдыга келип айтат .Баланы ошондой мезгилде кантип жалгыз таштап келдиң деп Чыйырды Манасты утурлап жетип барат. Экөө келе жатса, Кортуктун сөөгүн алып кетиш үчүн келе жаткан калмактар алдыларынан чыгып, ушул бала өлтүргөнүн беркилерге айтканда алар Манасты кармап кетмек үчүн кол көтөрө баштешат. Манастын “койгула” дегенине болушпай Чыйырдынын тизгинине асылышканда эки жигиттин желкесинен кармап бири-бирине уруштурганда Тарбын дегени ошол замат жан берет. Калган алтоо артын карабай качып жөнөшөт.

Чыйырдынын келип айткан сөзүнөн кийин намыстанган Жакып жакындарына, өз айлына, канатташ жашаган казак, найман, коңурат урууларына кабар берип, уккандары келип 500дөй киши топтолуп, алтайлыктарга каршы чабуулга чыкмак болушат.

Ошол мезгилде кун алуучу калмактардан 300 манжу, алтайлык калмактардан 400 жигит топтолуп эртеси Жакыптын айлын көздөй бет алышат. Жолдо Кайыңдуу жайлоосунда жайылган көп жылкыга жолугушуп, кун үчүн баарын айдап кетмек болушат. Ошондо алтайлыктарды манжулук айыл башчы Атакул анчалык ынсапсыздык кылбагыла деп калыс сөзүн айтканда буга териккен алтайлыктар, манжулар менен айтыша кетишип, ортодо чатак чыгат. Бул мезгилде алтайлыктарга дагы 200 киши кошулуп, манжулардын айлына келип талап- тоной баштаганда Кортуктун баласы Шакум өз элин аман сактап калуу үчүн Жакыптын алдына келип жардам сурайт. Муну укканда зорго турган Манас “Манас!”-деп ураан чакырып урушка киришет. Алтайлыктардан 413 киши өлөт. Акыры Жакып баласын араң токтот. Ошентип, алтайлык манжулар кыргыздарга кошулушат. Өз манжуларына Шакумду хан шайлашат. Жакып өлгөн жигиттердин үй-бүлөсүнө мал-мүлкүнөн бөлүп берет.

3. Эсенкан жиберген соодагер тыңчылар менен болгон согушу.

4. Нескаранын алты миң аскери менен болгон согушу**.**

5. Он бир дуу-дуунун (11 хандыктын башчы балбандары) менен болгон согушу.

Ушул согуштан кийин Манасты хан шайлашат.Бул эпизоддор эки чоң манасчыда

тең кездешет.

6. Манастын Нуукер дөөнү жеңиши. Салбырында (чалгында) С. Орозбаковдун вариантында хан шайланган Манас ууру-кески жерибизде жүргөн жокпу деп, Алтай тоосунун Аңырткысын ашып, Уркун дарыясынын Марал-Кечүүсүнө чейин чалгындап текшерип келели деп, дарыянын жээгине келишип 5-6 күн өргүп калышат. Ошол кезде кытай ханы Эсенкан кеткен соодагерлеринен кабар алдырмакчы болуп, Нуукер аттуу дөөгө 900 адамын кошуп жиберген болот.Алар да Үркүн дарыясынын аркы өйүзүнө келип калган болот. Өйүздөгүлөрдү көрүп Нуукер балбан 100 жигитин кабар алдырганы жөнөтөт. Дарыянын кирип турганын көргөн жигиттери ага кирүүгө даай албай артка кайрылып барса, Нуукер албууттанганда 100 жигит дарыяны кечип киришет, суунун агымына чыдабай 20сы агып 80 жигит аларга: -Силер кимсиңер деги!деп өктөмдүк кыла башташканда Манас ага жини келип, 80 жигитти тең жайлап салат. Бир күн күткөн Нуукер эртеси 800 жигити менен келип катуу кыргын башталат. Көкчөгө асылган Нуукерди да Манас өлтүрөт. Манастын балалык чагындагы жасаган эрдиктерине негизинен ушулар кирет.

**3. Манастын Атемирдин кызы Каныкейге үйлөнүшү**

Каныкейдин өз аты-Санирабийга. Кандын никесинде болгондуктан, Кан Никайи-Каныкей деп айтылып жүрөт. Атемир үч бир тууган болуп, эң аксакалы Атемир, экинчиси Абылкасым, кенжеси Шаатемир.Атемир хандын өңү кара киши экен. Кара кылды как жарган адыл болгон экен. Өңү кара болгондуктан Атемир ханды Кара кан деп аташкан имиш" (2:345-б).

Кара хандын кызы – Санирабийганы алганга чейин Манас Кайып хандын амалдуу торуна түшүп айласыз кызы- Карабөркко үйлөнөт. Ал эми экинчи никеси-Акылай, Манас тажик элин талоонго алганда Тажик ханы – Шоорук кызы Акылайды берип талоондон кутулат. Экөөнүн бирине да купулу толбогондуктан Манас бир күнү атасы Жакыпты чакырып: "Эми отузга чыгып калдым, (Сагынбайдын вариантында) мага өзүмө тең, акыл-дүйнөсү келишкен:

Тарткан тасма белденген,
Тал чыбыктай теңселген.
Саамай чачы сеңселген,
Акылын терең ойлогон,
Ак сүлөөсүн баштанып,
Аста басып сойлогон,
Ар бир түрлүү жумуштун,
Аркасын аңдап болжогон
Жазык маңдай, коокар көз,

Инжи тиштүү, ширин сөз,
Ашкере кылган сабырын,
Адамга салбай жабырын.
Айтаар сөзү акырын
Эл алмакка жиберген
Нечен түрлүү акылын
Боло турган жумушту
Болжоп билип алыстан,
Акылына жеңдирип,
Ар кылган билбей калышкан
Акылга дыйкан айлалуу,
Ааламга толук пайдалуу
Көңүлү сылык, бейли кең,
Төрт тарабы болгон тең
Жылдызы ысык, жылуу сөз,
Чырагы жарык, жоодур көз
Алачы моюн, түймө баш
Акылга терең, боору таш
Көңүлү көркөм, колоң чач,
Кыз алып берсеңиз
Ошондой кызды көрмөккө

Аянбай ата көзүңдү ач"-деп өтүнөт.Ошондо хан Жакып кыз издеп жөнөйт. Эч жерден кыз жакпаган соң, Бухара элине келип көчө аралап келе жатып, эс алып жүргөн кырк кыздын ичинен Санирабийга кызды көрүп жактырып баласына ылайык экендигин билип, кыздын атасы Атемирге жуучу болуп барат. Бирок Атемир барган жуучуну бул кайсы кайырчы деп тоготпой коет. Акыры Жакып өзүн кыргыздын ханы катары тааныштырып болгондо да Манастын атасы экендигин айтканда куда болушка макул экендигин билдирет. Кулак угуп, көз көрбөгөндөй калың салат.(1:386-387) Баардык ишти бүтүрүп Тойго камынып келүү үчүн Жакып хан үйгө жөнөп кетип, кайра көп өтпөй той өткөрүп, келинди алып кетүү үчүн кайра келишет. (1:390-391). Ал жерге барып 40 күн той берип Санирабийга менен анын 40 кызы, кырк жигитке турмушка чыгып, нике кыйылып элине алып кайтышат.

**4. Көкөтөй хандын ашы**

Көкөтөй сексен төрткө чыккыча көп катын алып, мындан арманы калбаган, алардан он бир кыз жалгыз Бокмурун деген жалгыз уулду болгон. Жалгыз уулун ымыркайынан ырымдап, киши көзүнө түшпөгөн адам көөнүнө албаган ат коет, ар кимдин эскисин кийгизип сурамжылап чоңойтот.

Ушундай күндөрдүн биринде Көкөтөй ооруп калат.Ажал тооруганын сезген акылман жалган дүйнөдөн жөнөөрүндө кыргызча куйма кулак жашка теңдеш, сөзгө кендеш байдын уулу Баймырзаны кашына алдырып жакшы көргөн беш аялын кашына отургузуп керээзин айтып, бу дүйнө менен кош айтышат.

Көкөтөй хандын артында тирүүсүндө бирден терип жыйнаган Жети-Суу толо опосу жок малы кады, сайылган бойдон талы калды. Жети үй толо алтын күмүш зары калды ошондуктан. атама топурак салсын деп санжыралаш кыргызга санатташ жашаган казакка атайлап Манас баатырга, Эр Көкчөгө, түрк балдарына кабар айттырат. Отуз алты күндөн кийин Манас кызыл туулуу ат үстүнөн өкүрүп келет.

Манастын **1-**казаты (согушу) калмак ханы Нескара менен болот. Нескара Манастан зорго кутулат. Ошондон кийин эл 15 жашар Манасты хан көтөрүшөт. Ал ар дайым душмандарын жеңип турат. Алардын арасында 11 дөөнү өлтүрүшү.

**2-казаты** Манастын Бээжинге жасаган чабуулу ээлейт. Кошой менен кезигип, жекеме-жеке күрөшөт. Эпостогу сюжеттин өнүгүшү: Алтай, Анжиян, Тянь-Шань, Ташкент, Самарканд, Бухара, Кытай жерлеринде өтөт. Башкача айтканда окуя кыргыздар түндүк-чыгыштан, түштүк-батышты же Эне-Сайдан Тянь-Шанды көздөй сүрүлгөн мезгилди кучагына алат. Ал эми эпосто кыргыздардын Алтайдан көчүшүнүн себептери кытайлардын чабуулдарынан сактануу, өз жерин табуу болгон.

**3-казаты** Эпостогу туруктуу тематикалык өзөк окуялардын дагы бирине "Чоң казатка" чейинки Алооке ханды жеңүү, Шорук хан менен болгон уруш кирет. Ушундай күчү толуп, эли колдоп жатканда баатыр өзүнө тете жолдош күтүүсү зарыл болуучу. Ошон үчүн Манас Алманбетти таап андан кийин Каныкейге үйлөнөт.

**4-казаты-Көкөтөйдүн ашы-**эпостогу туруктуу тематикалык өзөк окуялардын бирине кирет. Он үч хан Көкөтөйдүн ашында Манаска каршы жоболонду баштамак болгондо акылман Кошой аларды сөзү менен тизгиндегенде Жети хан Кошойдун тилин алып Манаска катылбас болуп сөз беришет. Бирок алты хан жөн жүрбөсүн сезген хан Кошой ичтен тынып улуктугун билдирип, бирден өргөөгө кондуруп, тай союп, кымыз арагын тартып нарк менен тосот.

Кетээрде алты хан жыйын куруп, Манасты жеңүү үчүн көптөгөн айла-амалдарды жасашат, бирок, чоң казатта дагы эле Манас баштаган кыргыздар жеңишке жетишет. Ошондо ал хандыктар баары бир эч бири хан Манаска тең келе албасын түшүнүшөт.

**5-**Көз камандардын окуясы-эпосто кульминациялык бөлүм. Анткени, кыргыздарды кытайлар басып кирип, Ногойдун балдары туш тарапка тараганда Ногойдун Үсөн деген баласы Жрууша деген жердеги "Дөнгө"деген айылга 24 жашында келип кошулуп жашап калат. Ошол жерде аялы эркек төрөп, төрөөттөн көз жуумп, 24 жашында Үсөн баласы менен жалгыз калат. Ал-Көкчө чоңоюп буудай айдап жан багат. Калмактардан Субай аттуу аял алып, андан: Чагалдай, Арбалдай, Дөрбөлдөй, Агалдай, Бегалдай, Тоголдой

аттуу 6 уулдуу болот.Улам убакыт өтүшү менен Үсөндүн аты унутулуп, калмактардын арасында жашагандыктан калмакча Көзкаман деген атка конот. Үсөн-Көзкаман 74 жашка чыкканда иниси Жакыптын уулу Манас мыкты чыгыптыр дегенди угуп, жөө жалаңдап жүрүп, Алтайга көчүп келишкенде Манас аларга энчи бөлүп берет. Манастын мал мүлкүнө көз артып өлтүрөбүз дешкен балдарын Көзкаман тыйганына карабай атасын кысташканда акыры кымызга уу кошуп беришке аргасыз болгону С.Одун вариантында айтылат. СКде Көзкаман менен Көкчөкөз бир тууган делинип, Желтийбес, Чаңдаяк, Орозон бешөө Эсенкандын тапшырмасы менен атайын келишсе, РЖвда кызын калыңсыз Манаска берген Темирканга нааразы болгон вазири кыргыз менен калмактын ортосунда тыңчы болгон Көзкаман менен Көкчөкөзгө Манаска уу бердирип өлтүртөт. ”Маджму ат- таварихте” Тубайды Манасты өлтүртүүгө Жолой жиберет.”Манас энциклопедиясында” белгиленгендей (7:333) Манастын калмактар менен күрөшүүсүндө Көкчөкөз өзгөчө активдүү катышат. СОВдо да, РЖВда да Көкчөкөз Манасты атып жарадар кылып, Каныкейди зордук менен алганга аракеттенет.Айканга Манастын келе жатканын кабарлайт да, Манаска калмактар эч нерседен бейкапар жатышат деп алдайт. СКВ менен РЖВда тең Манаска ууну Көкчөкөз берет. СОВдо Манастын келе жатканын уккан Көзкамандар өз ич ара чатакташып, бычакташып өлүшөт.”Көзкамандарча бычакташкан” деген сөз ушундан калган делинет. Ал СКде Манасты өлтүрүп салдык деп сүйүнүп кытайга кетип жатканда Көзкамандардын артынан кууп жеткен кырк чоро менен Бакайлардын колдорунан өлүшөт.

Эпостун идеялык мазмуну камтыган ушул тематикалык мазмун бардык манасчыларда кездешет. Албетте окуянын баары бирдей линияда өнүкпөгөн менен негизги тема бирдей аталышта келгендиги эпостогу окуялардын тарыхый хронологиялык өзгөчөлүгүн белгилеп көрсөтүп тургандыгы эпостун касиеттүүлүгүнөн кабар берет

Корутунду

Манас элдин эркиндиги үчүн күрөшкөн элдик баатыр болгондуктан ага каршы турган адамдар жеке Манаска гана эмес, элдин эркиндигине, биримдигине, каршы күрөшүүчүлөр катары кабылданат. Ошондуктан Көзкаман, Көкчөкөз, Алооке, Эсенкандар кыргыздардын эң коркунучтуу душмандарынын ысымдары катары аты аталат. Жеке кызыкчылыгы, мал- мүлк, бийлик үчүн кандаш туугандарына чыккынчылык кылуу кылмыштын эң жаман, эң жийиркеничтүүсү катары каралгандыктан элде: “өздөн чыккан жат жаман, өзөктөн чыккан дарт жаман” деген макал айтылат. Эпосту окутууда ал мейли орто мектептеби, же жогорку окуу жайларындабы биз жогоруда белгилеген тематикалык мазмун атайын баса белгиленип окутулса, залкар эпосубуздун касиеттүү өзгөчөлүгүнүн дагы бир кыры ачылып көрсөтүлө тургандыгын белгилесек болот.

**Адабияттар**

1. Манас 1.2.3.4 китеп. С. Орозбаковдун варианты. –Б.:Хан Теңир басмаканасы. –2010.18-126-беттер.
2. Манас I китеп. С. Каралаевдин варианты. – Б.: Турар басмаканасы. – 2010.18-324-беттер.
3. Манас Киргизский героический эпос. -М. книга I, 1984; книга II, 1988; книга III, 1990; книга IV, 1996.
4. «Манас» киргизский эпос. Великий поход. - М. 1946
5. Липкин С. "Манас великодушный". Повесть написан на основе сюжете эпоса «Манас» - М.1947, 1948, 1958.
6. «Манас» энциклопедия 1.2-том. -Ф.1995.